КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

САДЫР АКЕ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

---

**Садыр аке айылдык кеңешинин эл депутаттарынын XXVIII чакырылышындагы кезектеги 20-сессиясы**

# ТОКТОМ

**2023-жылдын декабрь айынын 15и №100** **Григорьевка а.**

**Айыл аймактарды бириктирүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-октябрындагы «Кыргыз Республикасынын административдик–аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү жана региондорду өнүктүрүү боюнча андан аркы чаралар жөнүндө» №350 Жарлыгы жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы №435 Жарлыгы менен бекитилген «2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасынын» 4.4-бөлүмүн ишке ашыруу максатында жана Садыр аке айылдык кенешинин 2023-жылдын 15-декабрындагы №20 протоколунун негизинде **токтом кылат:**

1. Айыл аймактарды бириктирүүдө Семеновка айыл өкмөтү (Семеновка, Кожояр айылдары), Садыр аке айыл өкмөтү (Григорьевка, Григорьевка-Пристань айылдары), Темир айыл өкмөтү (Темир, Кашат айылы), Кумбел айыл өкмөтү (Корумду, Булан-Сөгөтү) бир айыл аймак болуусуна макулдук берилсин.

2. Жаңы түзүлгөн айыл аймагы «Садыр аке айыл аймагы» жана жаңы уюшулган айыл аймактын административдик борбору Темир айылында болушуна макулдук берилсин.

4. Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин депутаттарына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б. Чичканбаев**